**Адабияттар тизмеси:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://http:ktrk.kg.
2. **Кыдырбаева, Р.** Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Р. Кыдырбаева, К. Асаналиев. – Бишкек, 2004. – 156 б.
3. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору [Текст]: философия энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.
4. **Шергалдиева, А.** Адеп башы – элдик мурастарда [Текст] / А. Шергалдиева. – Кант, 2005. – 62 с.
5. **Муратов, А.** Мектеп [Текст] / А. Муратов. – 2005. – 50 б.
6. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «БАЛАЛЫК» программасына методикалык сунуштар [Текст]. – Бишкек, 2017. – 74 б.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.419

Поступила в редакцию: 19.02.2024 г.

**УДК: 378 378.14**

***Рысбаев С.К.***
*д.п.н., профессор Кыргызской академии образования, Кыргызская Республика*
***Тилекова Н.Д.***
*к.п.н., доц. Кыргызско – Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Токтобаева А.Д.***
*асп. Кыргызско – Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова,Кыргызская Республика*

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ДИЛБАЯН АРКЫЛУУ ОКУУЧУНУН РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

*Изилдөөнүн предмети болуп чыгармачыл дилбаян аркылуу окуучунун руханий баалуулуктарын өркүндөтүү жараяны эсептелинет. Изилдөөнүн максаты чыгармачыл дилбаян аркылуу окуучунун руханий баалуулуктарын өркүндөтүүнү аныктоо. Изилдөөнүн методдору -образдар боюнча талдоо жүргүзүү. Бала жөнүндө айтылган кеп барып-барып, ага таалим-тарбия берүүнү жакшыртуу, аны эртеңки күндүн татыктуу уул, кызы кылып өстүрүүгө жасала турган камкордук болуп саналат. Турмуш агымы көз ирмемге токтобойт, талаптар болсо өсө берет. Окуучунун өз алдынча адабий чыгармачыл ишмердигин өнүктүрүү - ар бир окуучунун ички руханий-эстетикалык керектөөсү, ар күнкү сабактагы иши катары кароо маанилүү экендиги белгиленет. Сунушталган жумушту ыкмалар адабият сабактарында окуучунун чыгармачыл активдүүлүгүн жогорулатууга түрткү болору бышык. Бала он жетиге чейинки мектеп өмүрүндө психологиялык, атуулдук жана дүйнө таануучулук жактан жетилээр чагында эстетикалык, гуманитардык сабактардын ичинен адабият сабактарынан - «ыймандык жетилүү» сабактарынан жетишерлик билим албаса, баланын акыл-сезиминде жана жүрөгүндө ошол жери бош калса, ал боштук өмүр бою толбой, өмүр бою ошол бөксөлүктөн адам уулу өксүп каларын ойлонуп көрүү, ал үчүн ар качан кам көрүү мектеп мугалиминин атуулдук парызына кирет.*

***Негизги сөздөр**: адабият сабагы; чыгармачыл дил баян; дилбаяндын жанрлары; руханий дүйнө; баалуулуктар; тарбия; окуучунун ишмердиги; атуулдук сезим; ыймандык жетилүү; образ.*

## СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ УЧЕНИКА ЧЕРЕЗ ТВОРЧЕСКИЕ СОЧИНЕНИЯ

*Предметом исследования является процесс развития духовных ценностей ученика посредством творческого сочинения. Цель исследования – определить духовные ценности студента посредством творческого соченения. Методы исследования – анализировать по образу изображения. Течение жизни не прекращается ни на мгновение, но требования будут продолжать расти. Отмечается, что развитие самостоятельной литературно-творческой деятельности ученика важно рассматривать*

*как внутреннюю духовно-эстетическую потребность каждого ученика, как ежедневную работу на уроке. Уверены, что предложенные методы работы будут стимулировать творческую активность учащихся на уроках литературы. Если ребенок не получает достаточного образования на уроках литературы - уроках «верной зрелости» среди эстетических и гуманитарных уроков в течение школьной жизни до семнадцатилетнего возраста, когда он становится психологически, граждански и мирски зрелым, это место в сознании ребенка и сердце пусто, эта пустая жизнь. Гражданский долг школьного учителя думать о том, что человек будет страдать от этого недостатка всю свою жизнь, и всегда заботиться о нем.*

***Ключевые слова:*** *урок литературы; творческое эссе; жанры эссе; духовный мир; ценности; воспитание; активность учащегося; гражданственность; зрелость веры; образ.*

## IMPROVEMENT OF STUDENT'S SPIRITUAL VALUES THROUGH DILBAYAN RECORDING

*The subject of the study is to increase the student’s spiritual values through creative writing. The purpose of the study is to determine the increase in the spiritual values of a student through creative expression. Research methods - analyze according to the image. The flow of life does not stop for a moment, but the demands will continue to increase. It is noted that the development of independent literary and creative activity of a student is important to consider as an internal spiritual and aesthetic need of each student, as daily work in the classroom. We are confident that the proposed methods of work will stimulate the creative activity of students in literature lessons. If a child does not receive sufficient education in the lessons of literature - the lessons of "true maturity" among aesthetic and humanitarian lessons during school life until the age of seventeen, when he becomes psychologically, civically and worldly mature, this place in the child's mind and heart is empty, this empty life . It is the civic duty of a schoolteacher to think about the fact that a person will suffer from this deficiency throughout his life, and to always take care of it.*

***Key words:*** *literature lesson; creative essay; essay genres; spiritual world; values; education; student activity; citizenship; maturity of faith; image; independent work; aesthetic consumption*

**Киришүү**. Бала өспүрүм курагына келгенде өзүн өзү үлгүлүү алып жүрүүгө, адептик жана турмуштук ой жүгүртүүгө кылган алгачкы аракеттери менен мурдагы курактарынан кыйла айырмаланып калат.

Өз алдынча изилдөө, ой жүгүртүү иштери көбүнчө эркин дил баян жазууда байкалат. Өз алдынча иштөөсүз, өз алдынча окуусуз адабият сабагын элестетүүгө мүмкүн эмес. «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө биринчи көңүл буруу керектиги, өз алдынча билим алуу - ар бир адамдын ички талабы, ар күнкү иши...» экендиги тууарасында көп эле айтып да, жазып да жүрөбүз.

Себеби бул куракта жекече физиологиялык да, психологиялык да өзгөчөлүктөргө жараша, айрым, изги, адамкерчилик сапаттарга умтулуу менен жүрүм-туруму жолдошторуна, башка улуу адамдарга жасаган мамилелери өзгөрүп, өзүн идеал туткан «жакшы» адамдарына окшоштуруп, өз алдынча мүнөз, кыял тутуу сыяктуу «ачылыштары» башталат. **Демек ал,- окуучу өзү сүйгөн адабий каарманынын тагдырын көркөм жана турмуштук** чындыктын негизинде талдап

**Изилдөөнүн максаты:** окуучулардын рухий өнүгүшүнө, адамкерчилик сапаттарга умтулуусуна дил баян жаздыруу аркылуу жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн маанисин ачуу. Ошону менен катар жан дүйнө менен сөздүн, ойдун күчүн сезип, шыктануусуна түрткү берүү үчүн мугалимдин адабий, көркөм-эстетикалык даярдыгы терең болусунун зарылдыгы айтылат. Дагы бир мугалимдердин көйгөйү болгон маселенин бири дил баяндын түрлөрү,тактап айтканда, анын көптүгү эмес системага салынбагандыгы... Ошондой эле, дил баян жазуу,талдоо иштерине сааттардын аз бөлүнгөндүгүн эсепке алуубуз зарыл. Окуучу өзү сүйгөн адабий каарманынын тагдырын көркөм жана турмуштук негизде талдап, типтүү бир каарманды жаратуучу болуп калмакчы [1].

**Изилдөөнүн методу**: дил баянды жазууну үйрөтүүдө, сыналган ыкмалар, практика жүзүндө чыгарманын өзүн окуп чыгуу эң башкы шарты болуп эсептелет.Образдар боюнча талдоо жүргүзүү.Талдоодо коюлуучу талаптардын эң биринчиси эле- теманы ачуу. Себеби, дил баян жаздыруу, талдоо, анализдөө, баалоо- баары бир система. Окутуучунун мындай ыкмаларды колдонуу менен сабакка жаңычыл түр берүүгө оң натыйжаларын берип келе жатканын эч тана албайбыз [3].

**Негизги бөлүм.** мына ушундай көптөгөн себептерден улам сабаттуу, маданияттуу жаза албаган, логикалык жактан ой жүгүртүүсү жарды, айрым ыймандык, адептик аброю, дүйнө таануучулук даража-деңгээли пас адамды окутуп, тарбиялап жаткансыйбыз. Айрыкча, адабият сабагында окуучуларга тарыхый-хронологиялык факт материалдарды гана үйрөтүү менен, анын нравалык, эстетикалык баалуулугу терең ачылбай, балага ал боюнча нравалык-эстетикалык билим берүү, турмуштук көз карашын калыптандыруу идеялары кагазда гана калууда.

Адабият сабагы көркөм ой менен баланы ойлонто албаса, толкундантып ыракатка бөлөбөсө, ойго салып, көз карашына кең мейкиндик ачып бере албаса, ал адабият сабагы болуудан калат.

Адабият сабагы - эркин ой жүгүртүү сабагы. Демек, бала сабакта ойлонуп, көз карашын, турмуштагы сүйүүсү менен жек көрүүсүн, кайгысы менен кубанычын, идеал-максаттарына умтулуусун образдардан издеп таап, ошол образдар менен кошо жашап, кошо күрөшүп, өзүндөгү жаман жактарын таштап, жакшы жактарын өнүктүрүүгө умтулуусуна мугалим Бакай болуп, караңгыда жол таап берүүсү, багытын көрсөтүп туруусу зарыл.

Өз алдынча изилдөө, ой жүгүртүү иштери көбүнчө эркин дил баян жазууда байкалат. Өз алдынча иштөөсүз, өз алдынча окуусуз адабият сабагын элестетүүгө мүмкүн эмес. «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө биринчи көңүл буруу керектиги, өз алдынча билим алуу - ар бир адамдын ички талабы, ар күнкү иши...» экендиги тууралуу көп эле айтып да, жазып да жүрөбүз.

Жогоруда айтылгандай, окуучунун өз алдынча иштөөсүнүн өзүнчө бир формасы катары мектеп дил баянынын ролу чоң. Дил баян окуучунун идеялык саясий, нравалык-эстетикалык жактан калыптануусунда табиттерин, ишенимдерин бекемдөө жана байланыштуу кебин, кеп маданиятын, сөз байлыгын өстүрүүдө мааниси кеңири. Анын ичинен, эркин темада жазган дил баяндарда окуучулардын алдына коюлган проблемаларды өз алдынча чечүүгө кылган аракети баалануута тийиш. Бирок биз айрым учурда анчейин элес албай келген бир маселе — өзгөчө бүтүрүүчү класстардагы жыйынтык сыноолордо эркин темадагы дил баяндын темасын саясий-экономикалык, тарыхый маселелерге арнап келгендигибиздин максаты кандай эле? - дегим келет. Себеби ошондогу окуучунун жазган дил баяны же тарыхый темадагы, же саясий, же экономикалык маселени чагылдырган макала, же баяндама эмес, жөн гана экзаменде баа алуунун каражаты сыяктанып көрүнчү. Бир жагынан, турмушка жаңы кадам койгон жаш адам ошол сыяктуу маселелер тууралуу да ой жүгүртө билүүсү, аларды билип коюусу ашыктык кылбайт деңизчи, бирок биз окуучунун дал ошол темадагы билимин эмес, адабият, адабий процесс боюнча билимин, анын көркөм адабий ой чабытын, фантазиясын, ички толгонуу деңгээлин, анан да адамдык, ыймандык жетилүү даражасын «сыноодон» өткөрүүбүз керек эле да, – деп айткым келет.

Ойлой келсек, азыркы күндө дагы эле болсо адабият сабагын мектепте окутуунун, тактап айтканда, адабий билим берүүнүн абалы эң эле аянычтуудай көрүнөт. Балдарыбыз китепти аз окуп калганына көптөн бери кейип, сөз кылып келатабыз. Бүгүнкү күндө бул айрыкча оор абалда экени талашсыз. Көпчүлүк учурда окуучу көркөм чыгарма жөнүндөгү маалыматты мугалимдин жыйырма мүнөттүк «информациясынан» гана алып, ошонун эле механикалык

кайталоосун окуу китебинен окуп, кайталап келүү менен чектелүү адепки көрүнүш катары туюлуп калганы күн өткөн сайын тынчыбызды алууда. Ал андай болгон соң, дил баян деле «алма сабагынан алыс түшпөгөн» сынары, андан бетер алсыроодо. Мунун өзү көркөм текст менен окуучунун түк тааныш эместигинен, мугалим да программалык чыгармалар боюнча окуучунун өз алдынча окуусун уюштура албагандыгынан болуп саналат. Ошондой шартта: «Менин оозумдан эмне чыкса, ошону эле айтып берсеңер болду «беш», - деп марттык кылган мугалим да чыгат. Андай болгон соң, чыгармачыл ой жүгүрткөн адабият сабагы, чыгармачыл, эркин дил баян туурасында сөз кылбай эле койгон оң.

Айрым учурда дил баянды чейрекке «жаман» баа чыгаруудан кутулуунун каражаты катары пайдаланган мугалимдер да көрүнө калууда. Ал начар өздөштүргөн балага «эптеп» китептен көчүрүп болсо да, «бирдеме» көрсөтсө болгону, катасына көз жуумп, маңызы «орто» деп баа коюп, деги эле адабияттын ролун, анын тарбиялык маңызын четке каккан абалга барууда.

Методисттер: «Дил баян окуучунун чыгармасы болууга тийиш», - деп эң туура айтышат. Демек, дил баяндын автору — окуучу ошол «чыгарманын» автору болууга акылуу. Бирок андай «наамга» чыгармачылык, өз алдынчалуулук болгондо гана ээ болору өзүнөн өзү түшүнүктүү эмеспи. Антпесе, карандай акыл менен китептегини жаңырыктай кайталаса, кайдагы чыгармачылык?

Мына ошондуктан биздин окуучуларыбыздын дил баяндары китепти көлөкөдөй ээрчигендиги жана сенек тил менен «эптей» салгандыгы сыяктуу, андагы баланын ички жан дүйнөсүнүн айырмачылыгын туюп болбогон, кол жазмасынан гана бирден экинчисин айырмалоого мүмкүн болгон жат жазуу сыңары коёндой окшош дил баяндардын эмнесине ыраазы болобуз дегим келет.

Демек, дил баян жазууга окуучуну үйрөтүү, көнүктүрүү өзүнчө бир өнөр, татаал педагогикалык процесс экендиги ачык көрүнөт. Бирок биз бул багытта аракеттенбей жатканыбыз ошол процесстин мүмкүн болбогондой татаалдыгынан эмес, өзүбүздүн гана мындай маанилүү ишке анча маани бербей жаткандыгыбызда. Эффективдүү окутуу..Бул эмне?Аныктоо кыйын,билип алуу оңой [5].

Акын А. Твардовский адабият сабагын бекеринен «Ыймандык жетилүү» сабагы деген эместир? Бул ойду дагы да тереңдетип айтсак, адабият сабагы — дүйнө таануу, адам таануу, адеп-ахлактык изденүүлөрдүн, турмуштун ыйман жолун тандоонун талаш-тартышы боло алар эле. Андай болсо, эмне себептен айрым учурда адабият деген эмне экендигин түшүнбөгөн, бир көркөм чыгарманын бетин ачып көрбөгөн, маданий сабаттуулугу төмөн бүтүрүүчү чыга келүүдө? Адабиятты өнөр (искусство), анан да сөз өнөрү (сөз искусствосу) катары түшүнөбүз. Андыктан, бала адабиятты искусство катары түшүнүүсү үчүн, анын көркөм таануучулук дүйнөсүн балага кеңири ачып берүү керек эле го? Ал боюнча окуучу өз алдынча ой туюмун ырааттап, сөздүн, ойдун күчүн сезип, таразалап, аны акылы менен эле эмес, жүрөгү менен сүйлөшкөндөй деңгээлге жетүүсүнө мугалим өз окуучусун толук сүйөмөлөбөй, багыт бербей жатат. Ал үчүн мугалим өзү ошондой деңгээлге чыгуусу, адабий, көркөм-эстетикалык даярдыгы терең болусунун зарылдыгы көрүнөт.

Көңүл бурчу бир сөз, деги адабият мугалиминин күндөлүк иш-аракетинин, сөзүнүн натыйжасын кантип көрүүгө жана текшерүүгө болот? Башка предметтер боюнча окуучунун билимин текшерүү адабиятка караганда жеңилирээк көрүнгөнсүйт. Себеби адабият боюнча текшерүүдө окуучунун алган билиминин суммасын гана эмес, адамдын ички дүйнөсүнүн ыймандык өзгөрүүсүн, жетилүүсүн, рухий маданиятынын өсүп-өнүгүшүн байкап билүү, текшерүү керек болуп жүрбөсүн?! Ал колго кармалып, көзгө көрүнбөйт эмеспи! Анда кантип?

Кагазданбы? Сөзүнөнбү? Кагаздын көлөкөсүндө, сөздүн далдаасында эмнелер катылып жатты экен? Бала ниетинен чечилип сүйлөп, жүрөгүндөгү чындыкты айттыбы? Сөзү менен жүрүм-туруму, адамдык турпаты дал келе алабы?

Ушакчы абийир жөнүндө, арсыз намыс жөнүндө, жатып ичээр мээнеткечтик жөнүндө, кара өзгөй ак ниеттик жөнүндө, коркок эрдик жөнүндө көөдөн кагып, кооздоп сүйлөй да, жаза да алат. Сөздү камчыдай камчыланып, каякка болсун шилтей берүүгө, сөз менен адамды алдап, же ишендирип да, же «өлтүрүп» кайра «тирилтип» да коюуга мүмкүн эмеспи. Кагаздагы жазганга эмес, ошол сөз баланын жүрөгүнөн чыгып жатканын, же оздун жели экенин баамдап, адабий көркөм дүйнөгө кандайча аралашып баратканын, ал ага таасир бердиби, өзүнчө көркөм азык жыйнап, өмүрүнө адам болуунун өбөлгөсүн түзүүгө камылгасы кандай? Көркөм табити канчалык деңгээлде калыптанууда? Нравалык, этикалык-эстетикалык керектөөсү, дүйнө, турмуш таануусу кандай деңгээлде дегендей, көптөгөн кырдаалдарга карап, ошолорду эсепке алуу менен өзгөчө жогорку класстын окуучуларынын адабият боюнча «билимин» бааласа болчудай.

Себеби мугалим менен окуучу кайсы бир көркөм каарман туурасында (же чыгарма болсун) сөз кылып же дил баян жазууда көркөм текстти механикалык түрдө карандай кайталоо менен чектелип, ал туурасында өз алдынча ой жүгүртө албаса, андан өзүнө жан азыгын, көрөңгөсүн жыйнабаса, турмушуна от издебесе, андан эч кандай майнап чыкпайт. Кыскасы, дил баянда баланын жүрөгүндөгү аялуу ою, арман сыры айтылбаса, ал дил баян эмес.

Жогорудагы сөздөр ойдон чыгарылган жок, ал бир топ жылдык практикалык иш кезинде жолуккан, чечүүнү талап кылган жүрөк өйүткөн маселелердин айрымдары гана. Айтмакчы, адабият сабагында анын дүйнө, турмуш, адам таануучулук, тарбиялык, ыймандык маңызын ачуу үчүн болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй мазмунда ой жүгүртүү пайдалуу беле? - дейм.

Маселен, Ч. Айтматовдун «Бетме-бет», «Ак кеме», «Кылым карытар бир күн», «Гүлсарат», «Кызыл жоолук жалжалым» повесть, романдарындагы каармандар туурасындагы аңгемелешүүлөр, алар туурасында дил баяндарды жазуу биздин күндөгү адамдар туурасында ыймандык темадагы талкуу сыяктанып, Ата Журт, Жер Эне, Адам, абийир, адамкерчилик жөнүндө, жалпы алганда, рухий маданият туурасында сөз болуп, жаш адамдын милдет-парзы сыяктуу нерселерди турмуштук мисалдар менен айкалыштырып отуруу, ошолордун далдаасынан бүгүнкү адамдар менен алардын алака-мамилесине байкоо салууга болор эле. Ошондо ысмайылчылык, орозкулчулук, сабитжанчылык, сегизбаевчилик жана да Хадича өңдүү бирөөнүн бактысын талашуучулук сыяктуу зыяндуу типтердин кайталануусуна каршы баланын жан дүйнөсүн багыштоо, өзүнүн жан дүйнөсүнө андай терс сапаттарды жакын-датпоо... Ошондо бала менен бетме-бет отуруп, жазган дил баянын окуп жатып: «Кайып-каскагынан, сенин жан дүйнөңө Сабитжан менен Ильяс бекинип жаткан жокпу?» — деп бармак тиштеп ойлонбой коё албас белеңиз. Демек, ушул сыяктуу маселелер менен адабият сабагын эриш-аркак жуурулуштуруп жүргүзүү анын мазмунун гана байытмакчы, кайрымдуулугун арттырмакчы.

Ошон үчүн адабият сабагынын милдетин эске алып, адабий көркөм образ жана көркөм сөздүн күчү менен баланы тарбиялоону дагы да жакшыртуу ишине өзгөчө маани берүү керектиги, ал үчүн адабият мугалимдери бүгүнкү күндүн талабына ылайык өзүлөрүн кесиптик жана методикалык жактан терең жаңылоосу талап кылынат.

Н.Г.Чернышевскийдин өз кезегинде: «Коомдо асыл адамдар бар экендигинен улам ал жашарып, көрктөнүп турат», - деп эң сонун айтканы бар эмеспи. Андыктан, жогорудагы атап өткөн терс каармандар сыяктуу турмуштагы айрым адамдар - буудай аңызга чыккан төө тикен сыңары аты-заты оркоюп көрүнгөндөр деле дал ушул мектеп партасынан өсүп чыгып

жатпайбы? Алар мектеп партасында отурган кездеринде ошол каармандарды жектеп, «тилдеп», «наразы» болуп дил баяндарын жазышпады беле? Мыктылап даярданып келип, «жакшы», ал тургай «эң жакшы» бааларды алышпады беле? Ошол өзүлөрү кичинекей кездеринде жектеген каармандардын өздөрү болуп чыга келишкени кандай? Андай болсо, алар мурда «калп» сүйлөп, мугалимди «алдап», «калпты» жазган экен го?! Ушундайбы?.. Же мурда биз алардын келечекте кандай адам болуп чоңоюшарын алдын ала билүүгө кызыкпайбызбы? Анын адамдык, ыймандык өсүп-өнүгүүсүнө эмес, китептегини кайталап айтып бергенине гана көңүл буруп, «эң жакшы» бааларды коюп баланы да жаңылыш баалап келдикпи? Анын акылын гана өстүрүп, жүрөк сезимин, адебин унутуп койгонбуз го... Же баланын эртеңки күнү менен мектеп сабагынын ортосундагы табияты башкабы, бирине бири бирикпеген башка турмуштук нерсеби? А балким, биздин мугалимдер, адабият сабактарыбыз да ушул ишке түздөн-түз катышпай, коомубуздун бүгүнкүсүн анализдеп үйрөнбөй, эртеңкисин көрө биле албай, алсыздык кылып жатпасын?! Күнүмдүк тирүүчүлүгүбүзгө каниет кылып, ток пейил болуп, өз жалкоолугубузду өзүбүз кечирип коюп жатабызбы?

Улуу жазуучу Ч. Айтматов: «Адам ичкен ашына семирип, кийген кийимине мактанып, ток пейил болуп, тынчып калды дегиче, анын адамдык кейпинен кеткени дей бер», - деп айтканы, балким, биз жөнүндө болуп жүрбөсүн?!

Аттиң, адабият сабагында көркөм чындыкка Ак куу сыңары сабалап учуп, класстын төрт тарабы Айдың-Көлдөй чалкып кубулуп: ал Ак куу көңүл кушундай шаңшып берсе, ага жетем деген ниетте бала көңүлүндө «Айдың-Көлдүн» албуут толкундарын жиреп, көк иримдин тереңин көздөй кулач уруп жөнөсө, ай ошондогу кыял, ошондогу элес, тээ алыста толкундардын күмүш чачпактарын чолпуланган көкүрөктөгү идеал-дүйнө көз ымдап өзүнө чакырып, делөөрүтүп турса, балага да, мугалимге да ырахат эмеспи.

Мугалимдин жан дүйнөсү — окуучунун жан дүйнөсүн ачып, ага билимдин көөнөрбөс ыйык кутун - турмушту жана адамды сүйүүнүн, адам болуунун ыйык кутун кондуруп, аны бекем түнөк алдырса, ар бир сабакта сөзү менен улам бекемдеп, коргоп отурса...

Мугалимдин ар бир сабагында биз жашаган чексиз дүйнө - аалам, адам сырлары, тагдырлары, турмуштун миң түркүн жактары ар тарабынан ачыла берип, бала аны түшүнүп, түшүнүгү артып, муюп чоң дүйнө менен баланын баёо дүйнөсүнө батып берсе кана... Мындай сабактар азырынча кол жеткис идеал бойдон калууда. Анын идеал болуп бизди эңсеттирип ээрчиткени да жакшы, биз улам алдыга жаңылыкты издегенибизге жакшы.

Ошондуктан, адабият сабактарынын учурдун талабына ылайык берилишин жана анын кайрымдуулугун жогорулатуунун тагдыры мугалимге, анын адамдык, атуулдук турпатына, методикалык чеберчилигине байланыштуу.

## Жыйынтык

Бала жөнүндө айтылган кеп барып-барып, ага таалим-тарбия берүүнү жакшыртуу, аны эртеңки күндүн татыктуу уул, кызы кылып өстүрүүгө жасала турган камкордук болуп саналат. Турмуш агымы көз ирмемге токтобойт, талаптар болсо өсө берет. А бала он жетиге чейинки мектеп өмүрүндө психологиялык, атуулдук жана дүйнө таануучулук жактан жетилээр чагында эстетикалык, гуманитардык сабактардын ичинен адабият сабактарынан - «ыймандык жетилүү» сабактарынан жетишерлик билим албаса, баланын акыл-сезиминде жана жүрөгүндө ошол жери бош калса, ал боштук өмүр бою толбой, өмүр бою ошол бөксөлүктөн адам уулу өксүп каларын ойлонуп көрүү, ал үчүн ар качан кам көрүү мектеп мугалиминин атуулдук парызына киргени белгиленге

## Адабияттар тизмеси:

1. **Рысбаев, С.К.** Кыргыз тили адабияты мугалимине жүз кеңеш [Текст] / С.К.Рысбаев.- Бишкек.-2022.

2. **Рысбаев, С.К.** Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары [Текст] / С.К.Рысбаев.-Бишкек, 2022.
3. **Мурзаев, З.Н.** Дил баян жаздыруунун теориясы жана практикасы [Текст] / З.Н.Мурзаев.- Бишкек, 2021.
4. **Асипова, Н.А.** Изилдөөгө алынуучу темалардын проблемалуулугу жана алардын заманбап таалим-тарбия талаптарына туура келиши [Текст] / Н.А.Асипова // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2021.
5. Идеалдуу мугалим болуунун сырлары. - Китеп.kg.басмасы, 2016.
6. **Рысбаев, С.К.** Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери [Текст]: муг. үчүн усулдук колдонмо / С.К.Рысбаев, Б.Ч. Сыдыкова. – Бишкек, 2002.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.420

Поступила в редакцию: 26.02.2024 г.

**УДК 378.147/62**

***Кадырова М.С.***
*к.п.н.,доц. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Сотволдиева М.М.***
*к.э.н.,доц. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА БИЛИМДИН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу проблемасы каралат. Изилдөөнүн максаты- жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү факторлорду талдоодон, ошондой эле негизги көйгөйлөрдү аныктоодон жана мамлекеттик финансыны башкаруу жаатындагы билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн практикалык сунуштарды сунуштоодон турат. Изилдөөнүн жүрүшүндө колдонулган ыкмалар: дедукция, анализ жана синтез, байкоо жана аналогия ыкмалары, ошондой эле илимий билимдердин салыштырма методдору колдонулган. Изилдөөнүн жыйынтыгында абитуриенттердин кесиптик чөйрөнү тандоого болгон кызыгуусунун динамикасы талданып, акыркы 5 жылдагы тенденция аныкталды жана негизделди. Окуу учурунда студенттердин канааттануусун камсыз кылуучу факторлор каралды. Жумушта билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча конкреттүү сунуштар жана ыкмалар сунушталат, бул жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого өбөлгө түзөт жана студенттерди билим алууга түрткү берет. Изилдөө билим берүүнүн сапатына таасир эте турган башка потенциалдуу факторлорду камтышы мүмкүн, мисалы, окутуу ыкмалары, курстар жана окуу материалдары.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүүнүн сапаты; мамлекеттик финансыны башкаруу; билим берүүнү реформалоо; жогорку квалификациялуу кадрлар; билим берүүнү эмгек рыногуна интеграциялоо.*

# ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*В этой работе предметом исследования служит проблема обеспечения качества образования в высших учебных заведениях. Цель исследования заключается в анализе факторов влияющие на качество образования в высших учебных заведениях, а также выявлении ключевых проблем и предложении практических рекомендаций для улучшения качества образования в области управления государственными финансами. В процессе исследования были использованы методы: дедукции, анализа и синтеза, методы наблюдения и аналогии, а также сравнительные методы научного познания. В результате исследования была проанализирована динамика заинтересованности абитуриентов в выборе профессиональной сферы, выявлена и обоснована тенденция за последние 5 лет. Рассмотрены факторы обеспечения удовлетворенности студентов во время учебы. В работе предлагаются конкретные рекомендации и подходы для повышения качества образования, что*